# Туулган күн




Автор: Батмахан Абдухамидова

Сүрөтчү: Сезим Жаныбекова

# Туулган күн

Автор: Батмахан Абдухамидова
Сүрөтчү: Сезим Жаныбекова

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Туулган күн" (кыргыз тилинде), автор Батмахан Абдухамидова, сүрөтчү Сезим Жаныбекова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Бүгүн Кутмандын туулган күнү. Ал мектебине тезирээк барышы керек. Бирок негедир кыжалат болуп турду. Анан эрте мененки тамагын ичти да, шаша-буша кийинип, мектебин көздөй чуркады.



Тигине, бактардын арасынан даана көрүнүп турган эки кабаттуу мектеби. Өзү курдуу балдар шаңдуу ойноп жүрүшөт. Мектепке жетерде кирүүгө коңгуроо да кагылды. Кутман чуркаган бойдон классына кирди. Баары китеп, дептерин алып, сабакка камынып жатышыптыр. Мына, Мээрим эжей да кирип келди. Сабак башталды.

Үчүнчү сабактан кийин чоң тыныгууда мени баары куттукташат деп ойлоду. Бирок эч кимдин аны менен жумушу жоктой сезилди. Тынчы кете баштады. Ичинен өзү менен өзү сүйлөшүп жатты:

– Менин туулган күнүмдү унутуп калышкан жокпу?

– Эч ким куттуктабай койсо эмне болот?

– Айдана унутпаган болсо керек. Ал блокнотуна баарыңардын туулган күнүңөрдү жазып алгам дебеди беле?

– Же кечээ тентектик кылып койгонум үчүн куттуктабай коюшсачы?

– Айзаттын чачынан тартып ыйлатпадым беле? Баары мени жаман көрүп калышкан болсочу?

– Гүлжандын туулган күнүндө мен белек бербей калгам. Анда белек сатып берем деп атамдан алган акчаны жоготуп ийбедим беле.

– Андан көрө ичим ооруп жатат деп шылтоо айтып кетип калсамбы?

– Китебимди унутуп калыпмын деп эжейден сурансамчы?

– Эмне кылсам?..



Кутман көңүлсүз отурду. Барган сайын тынчы кете баштады. Өзүнөн-өзү ызаланып, көзүнө жаш да тегеренип кетти. Мына чоң тыныгууга да коңгуроо кагылды. Кутман сыртка чыгып кетүүгө шашты. Окуу куралдарын китеп кабына көңүлсүз сала баштады.


Дал ошол учурда Айдана ортого чуркап чыкты. Анын жаңсоосу менен баары:

– Туулган күнүң менен! Туулган күнүң менен! Туулган күнүң менен, Кутман! – дешип шатырата кол чаап жиберишти.

Кутман эмне дээрин билбей ордунда туруп калды. Достору баары белектерин берип жатышты. Жанында отурган Айзат кийизден жасалган  мамалак тартуулады. Аны апасы экөөлөп бир күн мурда жасашкан. Мамалактын чапанынын топчуларын Айзат өзү кадаган болчу. Кошуна отурган Гүлжан менен Бектен:

– Бул белек сага! – деп альбом беришти. Альбомдун биринчи бетине Кутмандын сүрөтүн чаптап, анын астына жакшы каалоолорду жазып коюшкан эле.





Бир кезде кагаздан жасалган самолёт кайкып учуп келип, Кутмандын партасына конуп калды. Кутман самолётту колуна ала койду. Анын эки канатындагы жазууларга көзү түштү. Бир канатында: «Кутман досум». Экинчисинде: «Мыкты дос!» деп жазылыптыр. Бул Тилектин белеги болчу.



Мээрим эжей жаркылдап:

– Кутман – биздин сыймыгыбыз. Өткөндө чуркоо боюнча мелдеште биринчи болуп келип, намыска жараган. Сен келечекте мыкты спортчу болосуң. Туулган күнүң кут болсун! – деди.

Нуржаз кубанычтуу сөз сүйлөдү:

– Эже, Кутман абдан боорукер дагы. Мектептин чатырындагы топ кептерлерди атмакчы болгон шок балдарды да тыйып койгон.

Эжейи менен досторунун жылуу сөздөрүнө Кутман абдан кубанып турду.




Айдананын белеги да өзгөчө болду. Ал сыртка чыгып, түрдүү түстөгү шарларды бириктире кармап кирип келди. Ар бир шарга бадырайта тамгалар жазылыптыр: К, У, Т, М, А, Н.

Класс ичи шаңга толду. Кутмандын маанайы көтөрүлүп, толкунданып турду.

Чыныгы досторуңдун болгону кандай жакшы!

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Батмахан Абдухамидова
Сүрөтчү: Сезим Жаныбекова

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли